МД-0-1/1993
24.12.2003г.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

МЕНЕН

# КЫТАЙ ЭЛ БАНКЫНЫН

ОРТОСУНДА

# МААЛЫМАТТЫК-АНАЛИТИКАЛЫК ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ

# БОЮНЧА КЕЛИШИМ

Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосунда орногон достук мамилелерди чыңдоо жана эки өлкөнүн банк секторлорунда кызматташууга түрткү берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Кытай Эл Банкы (мындан ары «Тараптар» катары каралуучулар) *төмөнкү келишимге жетишишти:*

1-статья

Тараптар, негизги экономикалык, акча-кредиттик, финансылык жана банктык статистикалык көрсөткүчтөргө тиешелүү статистикалык жана башка маалыматтар менен дайыма алмашып турууга макулдашышты.

Тараптар, 2, 3 жана 4-статьяларда аныкталган кайсыл болбосун маалыматтар менен англис тилинде алмашып турууга макулдашышты.

Эгерде бир тарап, өз ара макулдашуу боюнча белгиленген маалыматтарды, алардын жокутугунан улам бере албай калса, бул башка тараптын ошол маалыматтарды берүүдөн баш тартуусу үчүн негиз болбойт.

2-статья

Биргелешкен маалыматтарды жана изилдөө тажрыйбалары боюнча маалыматтарды алмашуу төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- макроэкономикалык анализ жана программалоо;
- акча-кредиттик саясат, валюта саясатын жана алмашуу курсу саясатын жөнгө салууну жана контролдукка алууну кошо алганда, акча-кредиттик каражаттарды (инструменттерди) иштеп чыгуу;
- улуттук банктык система;
- улуттук төлөө системаларынын иштеп турушу;
- нормативдик актыларды кошо алганда, банктык мыйзамдар;
- кассалык каражаттарды тескөө;
- төлөө балансы.

3-статья

Тараптар, төмөнкү багыттарда техникалык кызматташуу жөнүндө макулдашышты:

- валюта саясатынын таасирдүүлүгү;
- эл аралык резервдерди тескөө;

- банк системасын кайра өзгөртүп түзүү;

- накталай акча сунушу;

- *төлөө системасын өнүктүрүү;*

- маалыматтык системаны өнүктүрүү:

- «арам акчаны» эл аралык деңгээлде актоо жөнүндөгү маалыматтарды алмашуу жана «арам акчаны» актоого каршы күрөшүүгө колдоо көрсөтүүсү жана бул жакта башка Тарап менен кызматташуу.

4-статья

Келишимдин аткарылышы үчүн Тараптар:

- Тараптардын ушул Келишимдин 2 жана 3-статьяларында аныкталган тармактар боюнча ишин тескөөчү нормативдик актылардын жана башка документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү менен алмашып турушат;

- эки Тарап үчүн тең кызыкчылыкты туудурган маселелер боюнча биргелешкен тажрыйбалык сабактарды, семинарларды, конференцияларды, кыдырууларды жана иш боюнча жолугушууларын мезгил-мезгили менен уюштурушат;

- өздөрүнүн тиешелүү банктык окутуу борборлорунда адистерди окутуу боюнча бири-бирине жардам беришет.;

- өз өлкөлөрүндө коммерциялык банктар жана башка финансылык мекемелер менен карым-катнашты түзүүдө бири-бирине жардам көрсөтүшөт.

5-статья

Тараптар, келишимдин шарттарын аткаруу үчүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аркылуу өз ара байланышты орнотуп, кызматташуу жол-жоболорун аныкташат.

Маалыматтарды берүү жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн иш боюнча кыдырууларына байланыштуу чыгашалар, ар бир конкретүү учурда аныкталып турат.

6-статья

Тараптар, эгерде ошол маалыматтар же аракеттер улуттук коопсуздукка байланыштуу болсо, ушул Келишимде аныкталган кандайдыр бир маалыматтарды берүүдөн же кандайдыр бир аркеттерди көрүүдөн баш тартууга укуктуу экендиктерине макулдашышты.

Тараптар, бири-бири менен алмашышкан маалыматтардын купуялуулугуна тиешелүү жашырындуулукту так сакташат.

Маалыматтарды берүүдөн баш тартышкан учурда, анын себептери тууралуу Тараптар бири-бирине расмий билдиришет.

## 7-статья

Бул Келишим тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол койгон, ушул келишимдин ажырагыс бөлүгүн түзгөн тиешелүү протоколдорго ылайык оңдолушу мүмкүн.

## 8-статья

Ушул келишимдин шарттарын чечмелөөгө же колдонууга тиешелүү Тараптардын ортосунда келип чыккан кандайдыр бир талаш-тартыштар же пикир келишпестиктер, Тараптардын милдеттенмелерине тиешелүү келип чыгышы мүмкүн болгон пикир келишпестиктердей эле, ушул Келишимдин чегинде, сүйлөшүүлөрдү жана консультацияларды жүргүзүү жолу менен жөнгө салынат.

## 9-статья

Ар бири кытай, англис жана кыргыз тилдеринде эки нускада даярдалган бул Келишимге 2003-жылдын 18 декабрь айында Кытайда, Пекин шаарында кол коюлат. Мында, ар бир вариант бирдей мыйзамдык күчкө ээ. Шектенүү келип чыккан учурда, англис тилиндеги текст артыкчылыктуу күчкө ээ.

Бул келишим Тараптардын өкүлдөрү кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана үч жыл аралыгында колдонулат. Келишим, кийинки үч жыл аралыгына дароо узартылган болуп эсептелинет жана эгерде, эки Тараптын бири экинчисине дипломатиялык каналдар аркылуу келишимдин аракети бүткөнгө чейин, болбоду дегенде 90 күн мурда ушул келишимди токтотууну кат жүзүндө сунуш кылбаса, ал келечекте ушул эле ыкмада узартылат.

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын<br>Улуттук банкы үчүн жана<br>анын атынан | Кытай Эл Банкы үчүн<br>жана анын атынан |
| Т.Үмөталиев<br>атындагы көчө, 101<br>Бишкек 720040<br>Кыргыз Республикасы | Чен фанг көчөсү, 32<br>Ксиченг району, Пекин 100 800<br>Кытай |
| Улан Сарбанов<br>Төрага | Жу Цаочуань<br>Төрага |